DOI: 10.26104/NNTIK.2022.95.27.037

*Акматова А.Т., Кодолов М.С.*

# ТЕРГӨӨЧҮНҮН ПРОЦЕССУАЛДЫК СТАТУСУ ЖАНА ПРОЦЕССУАЛДЫК КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫГЫ

*Акматова А.Т., Кодолов М.С.*

# ПРОЦЕССУАЛЬНЫЙ СТАТУС И ПРОЦЕССУАЛЬНАЯ САМОСТОЯТЕЛЬНОСТЬ СЛЕДОВАТЕЛЯ

*A. Aktatova, M. Kodolov*

# PROCEEDING STATUS AND PROCEDURAL INDEPENDENCE OF THE INVESTIGATOR

*УДК: 343*

*Тергөөчүнүн процессуалдык көз карандысыздыгы кылмыш жаза-процессуалдык статусунун эң маанилүү элементи болуп саналат. Бул, биринчиден, кылмыш иши боюнча процессуалдык чечимдерди кабыл алууда, тергөө жана башка процессуалдык аракеттерди жүргүзүүдөгү көз карандысыздык. Авторлор тергөөчүнүн жазык-процессуалдык статусунун түшүнүгүнүн жана мазмунунун маселелерин, анын ичинде укуктардын жана милдеттердин топтомун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза-процессуалдык мыйзамынын чегинде кылмыш-жаза процессуалдык далилдөөдө катышкан тигил же бул субъектинин жоопкерчилигин изилдейт. Тергөөчү далилдөөнүн негизги субъектиси болуп саналат, кылмыш иши боюнча тергөөнүн жүрүшү жана натыйжалары үчүн жооптуу, бирок ошол эле учурда колдонулуп жаткан мыйзамдарга ылайык, ал айрым учурларда начар абалда калат. Учурдагы кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдын жеткилең эместигинин себебинде тергөөчү кээде мыйзам бузууга аргасыз болот. Мисалы, ал түздөн-түз тергөө органынын администрациясына баш ийет, мындан тышкары айыпталуучунун жактоочусу, котормочу, өлүктү сырттан кароого соттук-медикалык же дарыгердин келбей калган учурда жоопкерчиликке тартылат. Ал эми, бул иш боюнча кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамды бузуу менен чогултулган факт түрүндөгү маалыматтар процессуалдык далил катары күчүн жоготот.*

***Негизги сөздөр**: тергөөчү, тергөөчүнүн статусу, тергөө органы, процесстик укуктар, процесстик милдеттер, далилдин предмети, далилдөө түшүнүгү, далилдөөнүн түзүмү, сот органы.*

*Процессуальная самостоятельность следователя является важнейшим элементом уголовно-процессуального статуса. Это, во-первых, самостоятельность принятия процессуальных решений по уголовному делу, производства следственных и иных процессуальных действий. Авторы исследуют вопросы понятия и содержания уголовно-процессуального статуса следователя, в том числе совокупности прав и обязанностей, а также ответственности конкретного субъекта уголовно-процессуального доказывания в рамках действующего уголовно-процессуального законодательства в Кыргызской Республике. Следователь является основным субъектом доказывания, ответственным за ход и результаты расследования по уголовному делу, но в то же время по действующему законодательству он в ряде случаев поставлен в невыносимые условия. В силу несовершенства действующего уголовно-процессуального законодательства следователь иногда был вынужден нарушать закон. Например, он находится в непосредственном подчинении администрации органа дознания, кроме того, на нем лежит ответственность за неявку защитника обвиняемого, переводчика, судебно-медицинского эксперта или врача для участия в наружном осмотре трупа. Кроме того, фактические данные, собранные по этому делу с нарушением уголовно-процессуального закона, утрачивают силу процессуальных доказательств.*

***Ключевые слова:** следователь, статус следователя, следственный орган, процессуальные права, процессуальные обязанности, предмет доказывания, понятие доказывания, структура доказывания, судебный орган.*

*The procedural independence of the investigator is the most important element of the criminal procedural status. This is, first, the independence of making procedural decisions in a criminal case, conducting investigative and other procedural actions. The authors study the issues of the concept and content of the criminal procedural status of an investigator, including a set of rights and obligations, as well as the responsibility of a particular subject of criminal procedural proof within the framework of the criminal procedural legislation in force in the Kyrgyz Republic. The investigator is the main subject of proof, responsible for the course and results of the investigation in a criminal case, but at the same time, under the current legislation, he was placed in some cases in unbearable conditions. Due to the imperfection of the current criminal procedure legislation, the investigator was sometimes forced to violate the law. For example, he is directly subordinate to the administration of the body of inquiry, in addition, he is responsible for the non-appearance of the defender of the accused, interpreter, forensic physician or doctor to participate in the external examination of the corpse. In addition, the factual data collected in this case in violation of the criminal procedure law loses the force of procedural evidence.*

***Key words**: investigator, status of investigator, investigative body, procedural rights, procedural duties, subject of proof, concept of proof, structure of proof, judicial body.*

Айыптоочу тараптын негизги субъекттеринин бири тергөөчү болуп саналат. КР КЖПК 36-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, тергөөчү – КЖПКда каралган компетенциянын чектеринде кылмыш иши боюнча тергөөнү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу кызмат адамы болуп саналат [2].

Бизге белгилүү болгондой, тергөө органдарынын негизги милдети болуп мыйзам бузууларды өз убагында иликтөө жана ачуу, жасалган кылмышты мыйзамдын негизинде объективдүү, максатка ылайык, өз алдынча иликтөө саналат. Албетте, укук коргоо тутумунда курулган иерархиянын шарттарында бул мил-

деттерди аткаруу көйгөйлөрдү жаратат. Кылмыштуулуктун абалы бардык жерде бурмаланып, кылмыштуулук мамлекеттик структураларында акырындап көнүмүш болуп, коррупция күч алды. Азыркы мезгилде Кыргызстанда бул тенденция олуттуу орунга ээ.

Белгилүү болгондой, кылмыш-жаза процессуалдык статус укуктардын жана милдеттердин жыйындысын (системасын), ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тигил же бул субъектисинин учурда колдонулуп жаткан кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдын алкагында каралган жоопкерчилигин камтыйт. Айыптоочу тараптын субъекттеринин бири болуп тергөөчү саналат, ал заманбап жалпы мамлекеттик кылмыш-жаза процессинде зор мааниге ээ.

Учурдагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин иштеп чыгууда мурда Кыргызстандын укук коргоо органдарына белгисиз болгон көптөгөн жаңылыктар киргизилген.

Жалпысынан киргизилген жаңылыктардын оң мүнөзүн белгилеп жатып негизги нерсеге көңүл бургум келет: тергөөчү - далилдөөнүн негизги субъектиси, кылмыш иши боюнча тергөөнүн жүрүшү жана натыйжалары үчүн жооптуу адам, кээ бир учурларда өтө жаман шарттарда калат.

Колдонулуп жаткан кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдын жеткилең эместигинин себебинде тергөөчү кээ бир учурларда процессуалдык тузактарга түшүп калат, тактап айтканда, ал кандай аракет кылбасын, мыйзамды бузган кырдаалда; ал органдын администрациясына түздөн-түз баш ийет, ошондой эле айыпталуучунун коргоочусунун, котормочунун келбей калган учурда, ошондой эле соттук-медициналык врач же башка дарыгер өлүктү сырттан карoого катышпагандыгы үчүн жоопкерчилик тартат; бул учурда мыйзам бузуу менен чогултулган фактылык маалыматтар далилдик күчүн жоготот.

Тергөөчүгө мамлекет тарабынан күбөлөрдү жана жабырлануучуларды атайылап жалган көрсөтмө бергендиги жана көрсөтмө берүүдөн баш тарткандыгы үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө эскертүүгө ыйгарым укук берилет, бирок мамлекет бул боюнча күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын айыпталгандар жана алардын шериктери тарабынан жазаланып жаткандыгына байланыштуу алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча түзүмдүк бөлүм түзүү боюнча мыйзамды кабыл алуудан баш тарткандыктан тергөөчүнү начар абалда калтырып жатат. Мына ушул себептерден улам тергөөчүлөр көп учурда иштерди сотко жөнөтүүгө батынышпайт жана тынымсыз жана узакка созулган иштөөдөн кийин аларды токтотууга (жана практика көрсөткөндөй, өтө эле оор негиздер менен токтотууга) аргасыз болушат [3]. Бирок мыйзам бузуу жолу менен алынган далилдердин негизинде кылмыш ишин токтотуу, адамды кылмыш жоопкерчилигинен бошотуу да мыйзам бузуу болуп саналат; кылмыш жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулгандан кийин, мындай адам жазасыз калганына ишенип, кылмыш ишин улантат, аны ашкерлеген күбөлөр жана жабырлануучулар, жада калса тергөөчүдөн өчүн алуу аракетин жасашы мүмкүн.

Тергөөчүнүн кылмыш-жаза процессуалдык абалын изилдөө маселеси ар кайсы убакта тигил же бул жактан чагылдырылган. Учурдагы жаңы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин кабыл алынышына байланыштуу бул маселенин көйгөйлүү аспектилеринин актуалдуулугу кайрадан «күн тартибинде» турат.

Кылмыш-жаза процессуалдык далилдөөнүн концептуалдык негиздерине байланыштуу авторлордун ар түрдүү көз караштарынын теориялык өзгөчөлүктөрүнө жана маңызына карабастан, биз бул маселе боюнча так жана салмактуу оюбузду сунуштайлы.

Кылмыш-жаза процессуалдык далилдөөнүн негизги элементтери катары төмөнкүлөр каралат деп эсептейбиз:

- тергөө же сот жоромолдорун түзүү жана ылдам өнүктүрүү;
- ар бир мүмкүн болгон жоромол боюнча далилдерди жана алардын булактарын чогултуу;
- чогултулган далилдерди жана алардын булактарын изилдөө (текшерүү);
- далилдөөнүн бар болгон каражаттарын баалоо (далилдер, алардын булактары жана алуу жана пайдалануу ыкмалары);
- иш боюнча ишенимдүү корутундуларды жана чечимдерди түзүү жана негиздөө [3].

Алгач белгиленгендей, кылмыш-жаза процессуалдык далилдөөнүн субъектилери деп, мыйзамда белгиленген тартипте изилденип жаткан фактылар боюнча өз пикирин билдирүүгө, далилдерди жана алардын булактарын чогултууга жана берүүгө, аларды өз алдынча текшерүүгө же катышууга ыйгарым укук берилген органдар жана адамдар таанылат.

Кылмыш-жаза процессуалдык далилдөөдө абдан маанилүү роль тергөө органдарына, тактап айтканда ар кандай мамлекеттик органдардын тергөөчүлөрүнө таандык. Тергөөчүнүн процессуалдык абалы анын башкармаларга тиешелүүлүгүнө карабастан бирдей.

КР КЖПК 5-бер. ылайык, тергөөчү процесстин катышуучуларынын катарына айыптоочу тарабына кошулган, бирок иштин жагдайларын аныктоо боюнча анын иштери бир тараптуу айыптоо болуп саналат дегенди билдирбейт. Ал кылмыштын бетин ачууга жана аны жасаган адамды кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча тергөө жана башка процессуалдык аракеттерге байланышкан иштерди гана эмес, ошондой эле иш үчүн мааниси бар башка бардык жагдайларды аныктоого багытталган бардык тергөө жана

башка процесстик аракеттерди жүргүзүүгө милдеттүү, тергөөчү процесске катышкандардын укуктарын, анын ичинде шектүү, айыпкер, жабырлануучу, жарандык доогер жана башкалардын камсыз кылууга милдеттүү.

Бул КЖПК 6 беренесинирн 1-бөлүгүндө белгилененгендей, кылмыштан жабыркагандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу, ошондой эле адамдын укуктарын мыйзамсыз жана негизсиз айыптоодон коргоону, алардын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөнү талап кылат. Тергөөчүнүн бул милдети ушул КЖПК 93-беренесинин талаптарына жараша келип чыгат, ал жерде мындай деп айтылган: иш боюнча кылмыш окуясы, аны жасаган адамдын күнөөсү, оордотуучу жагдайлар гана далилденбестен, ошондой эле айыпталуучунун инсандыгын, кылмыштан тарткан зыяндын өлчөмүн жана мүнөзүн мүнөздөөчү жагдайлар да аныкталат, ошондой эле кылмыш жоопкерчилигинен жана жазадан бошотууга алып келиши мүмкүн болгон жазаны жеңилдетүүчү кылмыштуулукту жана жазалануну жокко чыгаруучу жагдайлар да айкындалат. Бул жагдайлардын баарын аныктоо үчүн тергөөчү мыйзамда каралган ар түрдүү тергөө аракеттерин жүргүзүүгө: ал тергеп жаткан иш боюнча катышкандардын баарын суракка же эксперт катары корутунду берүүгө чакырууга укуктуу. Андан сырткары кароо жүргүзүүгө, тинтүүгө жана күбөлөндүрүүгө, тергөө эксперименттерин жүргүзүүгө, мекемелерден, ишканалардан жана уюмдардан, кызмат адамдарынан жана жарандардан буюмдарды жана документтерди көрсөтүүнү, текшерүү жүргүзүүнү талап кылууга укуктуу. Мыйзамда белгиленген негизде жана тартипте адамды жабырлануучу, жарандык доогер жана жоопкер деп таанууга, шектүүлөрдү кармоого, бөгөт коюу чараларын жана процессуалдык мажбурлоонун башка чараларын колдонууга, адамдарды айыпкер катары тартууга; кылмыш боюнча куугунтуктоону же кылмыш иштерин токтотууга жана жабууга, ошондой эле аларды прокурор аркылуу сотко жиберүүгө укуктуу.

Тергөө жүргүзүүчү кызматкер адам катары, тергөөчү кеңири процессуалдык көз карандысыздыкка ээ жана өз алдынча иш жүргүзөт. Мыйзамга ылайык (ЖПКнын 36-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункту) тергөөчү тергөөнүн жүрүшүнө өз алдынча жетекчилик кылат, прокурордун же соттун чечими талап кылынган учурлардан башкасында тергөө жана башка процессуалдык аракеттерди жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат.

Адамдын укуктарын жана эркиндиктерин жана кылмыш ишинин мындан аркы тагдырын олуттуу түрдө козгогон тергөөнүн эң маанилүү маселелерин чечүүдө анын процессуалдык өз алдынчалыгын жана көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында мыйзамда тергөөчүгө айрым маселелер боюнча прокурордун чечимдери менен макул болбоого укук берилген.

Өзү иликтеп жаткан иштер боюнча тергөөчү алгач тергөө органдары менен биргеликте аракеттенет. Ал, мыйзамда белгиленген жагдайларга жараша ыкчам-издөө иш-чараларын, жеке тергөө аракеттерин жүргүзүү, кармоо, алып келүү, камакка алуу, башка процессуалдык аракеттерди милдеттүү түрдө аткаруу жөнүндө жазуу түрүндө милдеттенмелерди берүүгө жана аларды өзү ишке ашырууда жардам алууга укуктуу.

Мурунку кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамындагыдай эле, учурдагы КР КЖПК да тергөөнү башкаруу функциясы тергөөчү, тергөө органынын жетекчиси жана прокурордун ортосунда бөлүштүрүлгөн. Бул кызмат адамдарынын ортосунда процессуалдык ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү, биздин оюбузча, тергөөнү ким башкарат - деген суроого анык жооп бере албайт. Мындан тышкары, ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү фактысынын өзү эле сот өндүрүшүн жүргүзгөн кызмат адамдарынын ортосундагы функционалдык мамилелер кылмыш-жаа процессуалдык мамилелерди ишке ашырууда тигил же бул процесстин субъектисинин ыйгарым укуктарын активдештирүү мүмкүнчүлүгүн берүүчү «тискөөлөрдүн жана тең салмактуулуктун» динамикалык системасын түзөрүн көрсөтүп турат. Анткени, тергөө процесси көптөгөн процессуалдык эмес, анын ичинде субъективдүү мүнөздөгү факторлорго, көз каранды (мисалы, прокурордун, тергөөчүнүн жана тергөө органынын жетекчисинин, РИИБдин башчысынын ортосундагы жеке мамилелерге, алардын иш тажрыйбасына, билимине, мыйзамды билгендигине, ишке жасаган мамилесине ж.б.).

Анык бир кырдаалда тергөөнүн жүрүшүнө багыт берүүдө тергөөчү, прокурор, тергөө органынын жетекчиси, ички иштер бөлүмүнүн башчысы башкы ролду ойношу мүмкүн, анткени алар башкармага түздөнтүз баш ийет жана тергөөнүн карама-каршы маселелери өсүүчү иерархияда чечилет. Ошондой эле, кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы тергөөдө борбордук жооптуу адам ким экендигин тикелей жана ачык көрсөтпөйт, муну менен өзүнчө бир ары же бери жасай турган аракеттерге, тергөө учурунда процесстин катышуучуларын бири-бирине айкалыштырууга мүмкүнчүлүк бергендигин белгилей кетүү керек.

Жогоруда айтылган процесске катышкан субъекттеринин өз-ара процессуалдык мамилелеринин маселеси татаал экендигине байланыштуу, прокурордун, тергөөчүнүн жана тергөө органынын жетекчисинин компетенциясын айкындаган КЖПК 37, 38 жана 39-беренелери Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин кабыл алынгандан кийин

өркүндөтүлүүгө тийиш. Өзгөртүүлөр жогоруда аталган үч субъекттин тең процессуалдык статустарынын көлөмүн көбөйтүүгө тиешелүү болгондугун белгилей кетүү зарыл, бирок ыйгарым укуктардын өз ара байланышкан циклинде бир субъектте укуктун пайда болушу экинчи субъект боюнча укук мамилелеринде да чагылдырылган. Тиешелүү милдеттенменин пайда болуу формасы же маалымат укугуна ээлик кылуунун эксклюзивдүүлүгүн (монополиясын) жоготуу түрүндө болот. Натыйжада бардыгы мурдагыдай эле калды, эч нерсе анык-айкын чечиле элек.

Кыргыз Республикасынын КЖПКда 1987-жылдагы Кыргыз ССРинин КЖПК да болгон мурдагы укук ченеми жок, ага ылайык тергөө бөлүмүнүн башчысы тергөөчүнүн кылмыштарды тергөө бетин ачуу жана алдын алуу боюнча аракеттеринин өз убагында аткарылышына көзөмөл жүргүзүүгө, кылмыш иштери боюнча алгач тергөө иштерин толук, ар тараптуу жана объективдүү жүргүзүлүшүнө аракет көрүүгө милдеттүү болгон. (Кыргыз ССРинин КЖПК 20-бер.) [4].

Учурда колдонулуп жаткан КР КЖПКга ылайык, тергөө органынын башчысы алдын ала тергөөнү жүргүзүүнү тергөөчүгө же бир нече тергөөчүлөргө тапшырууга, ошондой эле тергөөчүдөн кылмыш ишин алып башка тергөөчүгө өткөрүп берүүгө, же өзүнүн өндүрүшүнө кабыл алууга укуктуу, аны жүргүзүүдө өткөрүп берүүнүн негиздерин милдеттүү түрдө көрсөтүлүшү керек (КЖПКнын 38-бер. 2-б. 1-п).

Андан сырткары, ал төмөнкү укуктарга ээ:

- кылмыш жөнүндө билдирүүнү текшерүү боюнча материалдарын же жазык ишинин материалдарын текшерүүгө, тергөөчүнүн мыйзамсыз же негизсиз чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндө жазуу жүзүндөгү буйрук берүүгө;
- тергөөчүгө тергөөнүн багыты, айрым тергөө амалдарын жүргүзүү, адамды айыпкер катары тартуу, шектүүгө, айыпкерге бөгөт коюу чарасын тандоо, кылмыштын квалификациялоо жана айыптоонун көлөмү жөнүндө көрсөтмө берүүгө, кылмыш жөнүндө билдирүүлөрдү жеке кароого жана текшерүүгө катышууга (КЖПКнын 38-беренесинин 2, 2.1, 3, 1-бөлүгү).

Тергөө органынын жетекчиси 28.10.2023-ж. КР КЖПКда белгиленген тартипте өзүнүн өндүрүшүнө жазык ишин кабыл алууга жана тергөөнү толук көлөмдө жүргүзүүгө укуктуу, ошол эле учурда, ал, КЖПКнын 36-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык тергөөчүнүн же тергөө тобунун башчысынын ыйгарым укуктарына ээ болот. Процессуалдык мыйзамга ылайык, кылмыш иши боюнча тергөө органынын жетекчисинин көрсөтмөлөрү жазуу жүзүндө берилет жана тергөөчү үчүн милдеттүү болуп саналат. Тергөө органынын жетекчисинин көрсөтмөсү ал (тергөөчү) тарабынан жогору турган тергөө органынын жетекчисине даттанылышы мүмкүн. Мындай жоболор кандайдыр бир деңгээлде ашыкча көзөмөлдөн бошотулган.

Тергөөчү бөгөт коюу чарасын тандоодо прокурорго, ал эми ал өз кезегинде ушул Кодекстин 108-б. 1-бөлүгүнүн негизинде сотко өтүнүч менен кайрылат. Иш жүзүндө бул эреже прокурор менен тергөөчүнүн ортосунда бюрократиялык абалды пайда кылат. Тергөө жүрүп жаткан кылмыш иши боюнча бөгөт коюу чарасын колдонууда тергөөчү дайыма демилгечи катары чыгат. КЖПКнын жобосуна жана талабына жараша ал бул процессуалдык аракетти кыска мөөнөттүн ичинде чечиши керек. Бул карама-каршылыктарды жоюу үчүн бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүч менен тергөөчүнүн өзү түздөн-түз тергөөчү судьясына кайрылуусу максатка ылайыктуу болот. Азыркы учурда иш жүзүндө бул жагдай КР укук коргоо органдарынын арасында кызуу талкууну жаратууда. Иш жүзүндө тергөөчү кандай гана учурда болбосун прокурор менен бирге бөгөт коюу чарасын тандоо каралып жаткан соттун отурумуна катышат.

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, тергөөчүнүн, тергөө органынын жетекчисинин жана прокурордун процессуалдык ыйгарым укуктарынын ортосунда келишпестиктер бар.

Кылмыш-жаза процессинин субъектиси катары тергөөчүнүн процессуалдык көз карандысыздыгына ылайык, колдонуудагы кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамда укуктардын кандайдыр бир чектөөлөрү расмий түрдө белгиленген. Бирок, бул дагы деле бардык маалыматты камтыбайт. Тергөөчүнүн жогоруда берилген процесстик ыйгарым укуктарын кайталап отурбастан, булар көпчүлүк учурда тигил же бул кызмат адамынын (тергөө органынын жетекчисинин, прокурордун, судьянын) кароосуна гана көз каранды болбостон, факт жүзүндө бир топ процессуалдык эскертүүлөрдүн жана эрежелердин колдонулуушунда андан алынып коюлган.

Кылмыш ишин козгоонун жаңы тартиби укук бузууларды каттоо стадиясында тергөөчүнүн ишине көзөмөлдү күчөтүү максатында иштелип чыккандыгына карабастан (КЖБР – сотко чейинки өндүрүштүн башталышын, процесссуалдык өндүрүштү, кылмыш иштеринин жүрүшүн, кылмыш ишинин арыз ээлери жана катышуучулары жөнүндө маалыматтарды камтыган электрондук маалымат базасы), КЖПКнин 36-беренесине ылайык тергөөчү кылмыш иши боюнча тергөө жүргүзүүгө укуктуу.

Кылмыш ишин козгоо институтунун жоюлушу, практиканы анализдөө жана тергөө кызматкерлерин сурамжылоодогу жооптор, бул белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратып жатканын көрсөттү жана тергөөчүнүн процесстик көз карандысыздыгына кол салуу катары бааланды. Кылмыш ишин козгоочу институт дароо өз ордуна кайтарылган.

Биздин оюубузча, КЖПКнын 36-беренесинин 2-бөлүгүндө бекитилген, тергөөчүгө өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга жана тергөөнү өз алдынча

жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген анын процессуалдык көз карандысыздыгынын кепилдиктери жетишсиз, анткени мыйзамдын өзү тергөөчүнүн жана тергөө органынын жетекчисинин ортосунда талаш-тартышты жаратат. Талаш-тартышты ушундай жол менен чечүү тергөөчү үчүн жагымсыз, ал мындай жол менен өзүнөн жогору турган кызмат адамдарын өзүнө каршы коюуга аргасыз (тергөөчү иштен кеткиси келбей турганда). Тергөөчү менен пикир келишпестиктер болгон учурда тергөө органынын жетекчиси тергөөнүн жогорудагы принципиалдуу маселелери боюнча тергөөнү токтоосуз түрдө башка тергөөчүгө тапшырса туура болот деп эсептейбиз. Мындай учурда тергөөчүнүн ал чогулткан далилдерди баалоонун негизинде калыптанган ички ишеними бөтөн таасирлерден кепилденген коргоого ээ болмок.

Сот өндүрүшү чөйрөсүндө жаңы мыйзам актыларынын кабыл алууда биздин мамлекеттик органдар жана өзгөчө мыйзам чыгаруучу орган тергөөчүнүн жана тергөө органдарынын азыркы талап кылынган статусун талаптагыдай эске алган жок.

Учурда кыргыз тергөөчүсү кызматтык милдеттерин аткарууда совет доорундагыдай эле мамлекеттик органдардын администрациясына (иликтөө органдарына) жагуу үчүн көз карандылыкта жана чындыгында баш ийүүдө. Тергөө, иштин жагдайларын объективдүү, ар тараптуу, максатка ылайык иликтөөдөн алыс бойдон калууда.

Мындан тышкары, бул тез, эффективдүү, жөнөкөйлөштүрүлгөн алдын ала тергөөгө багытталган эл аралык укуктук нормалардын талаптарына карама-каршы келет. Тергөөчүнүн процесстик көз карандысыздыгын кеңейтүү максатында айрым процессуалдык адистер анын прокурордун жана башка кызмат адамдарынын аракеттерине жана чечимдерине даттануу укугун кеңейтүүнү сунуштап жатышат. Практикалык тергөөчүлөр иш жүзүндө (жашоодо) прокурордук көзөмөл сөзсүз тергөө органынын жетекчисинин күнүмдүк көзөмөлү менен коштолот, тергөөчүнүн бардык ишмердүүлүгүн, ошондой эле анын ишти уюштурууну камтый тургандыгын белгилешет.

Бирок, өзүнүн иш-аракети жана чечимдери үчүн, башкача айтканда, тергөөнүн багыты жана жүрүшү үчүн тергөөчү гана эмес, анын тергөө органынын жетекчиси да толук жоопкерчилик тартат. Учурдагы КЖПК жараша, тергөөчү, сот өндүрүшүнө катышкан башка субъекттерине караганда процессуалдык компетенттүүлүгү боюнча көбүрөөк уттуруп, анын ордуна өзүнүн жетекчиси тарабынан көзөмөлдү гана алган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, азыр тергөөчү тарабынан кабыл алынган бардык олуттуу чечимдерге мурда тергөө органынын жетекчиси тарабынан колдоого алынган соттун макулдугу талап кылынат. Тергөө органынын жетекчисинин ыйгарым укуктарын кеңейтүү, ведомстволук жана соттук көзөмөлдү, ошондой эле прокурордук көзөмөлдү күчөтүү, натыйжада тергөөчүнүн процессуалдык көз карандысыздыгынын даражасынын бир кыйла кыскарышына алып келди.

Тергөөчүнүн процесстик ишине ведомстволук, прокурордук жана соттук көзөмөл түрүндөгү ашыкча камкордуктун болушу тергөөчүнүн демилгесин төмөндөтүүгө себеп болот. Көптөгөн сын-пикирлер тергөөчүнүн процессуалдык көз карадысыздыгын чектөөчү, тергөө органынын жетекчисинин ыйгарым укуктарына байланыштуу айтылат, автордун пикири боюнча, анын орду тергөөчүнүн ишин уюштурууда, тергөө процессин методикалык жана ресурстук камсыздоодо жатат.

Тергөөчүнүн көз каранды позициясы мыйзамга карама-каршы келет жана анын жазык сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө кабыл алынган чечимдер үчүн жеке жоопкерчилигин төмөндөтүүгө шарттарды түзөт деп айтылат.

Тергөөчүгө процесстик көз карандысыздыкты берүү кылмыш иши боюнча өз убагында жана мыйзамдуу өндүрүштү талаптагыдай камсыз кылуунун зарыл шарты болуп саналат деген тыянак чыгарылат.

Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамын өркүндөтүү, тергөөчүнүн чечимдерин тергөө органынын жетекчисинин тарабынан бекитүүлөрдүн санын кыскартуу жолу менен жүрүшү керек.

**Адабияттар:**


1. Конституция Кыргызской Республики от 5.05.2021 г.
2. Уголовно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики от 28.10.2021 г. - №129.
3. Мкртчян В.Г. Процессуальная самостоятельность следователя. Междунар. науч. конф. - г.Санкт-Петербург, июль 2015 г.).
4. Уголовно- процессуальный кодекс Кирг. ССР 1987 г.
5. UNODC 2014 г. Анализ проекта УПК КР.
6. Никифорова Н.П. «Процессуальный статус и процессуальная самостоятельность следователя» / Журнал Уголовная юстиция, 2014 г.